Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА, «Кыргыз Туусу»

«Алтынкендин» кол кабышы

# Жакшы коңшулук мамилелер достукту бекемдейт

**«Алтынкен» ишканасы жергиликтүү калк менен байланышты чыңдоо максатында Кемин районунун бардык айыл өкмөттөрү жана мэриялары менен өз алдынча башкаруу органдарына, ошондой эле социалдык мекемелерге жардам көрсөтүү маселелери боюнча тынымсыз кызматташып келет.**

Адаттагыдай эле «Алтынкен» ишканасы жайыт комитеттеринин Октордой жайлоосуна баруучу жолду тазалоо боюнча кайрылуусун көңүл жаздымда калтырган жок.

Үстүбүздөгү жылы да ишкананын техникалары төрт жергиликтүү бийликтин же Орловка шаарынын, Чым-Коргон, Жаңы-Алыш жана Кызыл-Октябрь айыл өкмөттөрүнүн дыйкандары пайдаланып жаткан жолду тазалап беришти.

Ушул жылы жолду тазалоодон тышкары Кызыл-Октябрь жайыт комитетинин төрагасынын өтүнүчү менен Октордой жайытындагы малдарды коопсуз сугаруу боюнча пландоо иштери жүргүзүлүп, Чым-Суу суусунун тик жээктерин тегиздөө иштери да жүргүзүлдү.

Ишкананын атайын техникалары негизги иштен алаксып, өндүрүш жабыркабашы керектигин Орловка шаарынын мэри, айыл өкмөт башчылары жакшы билишет. Ошондуктан ишкана эки тарапка ыңгайлуу убакта атайын техника бөлүп берип, алгылыктуу иштер аткарылды.

Быйыл да ишкана Орловка шаарында жайгашкан «Нурмейса» балдар үйүнүн өтүнүчүн аткарып, 4 таштанды челек алып берди. Компаниянын бул чакан белеги балдар үйүнүн аймагындагы тазалыкка тарбиялоо менен көпкө кызмат кылат деп ойлойбуз.

«Алтынкен» ишканасында Кемин районунун калкы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жакшы мамилелерди түзүү иштин маанилүү багыттарынын бири болуп эсептелет. Анткени, кошуналар менен ынтымак жана тынчтык гана ийгиликтин ачкычы боло алат.







Элет жаңылыктары

## Жаңы завод ишке кирди

***Аксы районунун Жерге-Тал айыл аймагында кайналы кургатуучу завод курулууда.***

Айыл өкмөтү тарабынан кичи логистикалык борборду куруу долбоору Жалал-Абад облустук өнүктүрүү фондусунун кароосуна сунушталып, долбоор жактырылган. Жалпы сметалык баасы 8 099,1 миң сом, анын ичинен өздүк салым үчүн жергиликтүү бюджеттен 240,0 миң сом, фонддун эсебинен 7 859,1 миң сом каржыланган.

Кичи логистикалык борбордун курулуш ишин жандандыруу үчүн Жерге-Тал айылдык кеңеши тарабынан 24-февралда жеке ишкерге ижарага берүү чечими кабыл алынган. Анын негизинде инвесторлор менен түз сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, «Чернослив – Кыргызстан» ЖЧКсына ижарага берилген. Ал ЖЧК бүгүнкү күндө кичи логистикалык борборду кайналы кургатуучу заводго ылайыктап, ички жабдуулары орнотулуп, кайналы жууп тазалоо, сорттоо, кутучалоого даярдап, Кытай, Россия мамлекеттерине экспорттоо боюнча алгачкы жумуштары башталды.




## Жаңы окуу жылына жаңы максаттар менен

***Быйылкы жылда Аксы райондук элге билим берүү бөлүмү мектептерди жаңы окуу жылына карата жакшы даярдады деп айтууга негиз бар.***

Атап айтканда, район боюнча 7 орто мектеп жаңыдан курулуп жатса, анын ичинен 1-сентябрь күнү 3 жаңы мектептин ачылуу аземи болот. Быйылкы жылда райондогу 65 мектепте 29 405 окуучу билим алат. Анын ичинен 2 800 окуучу 1-класска келишет.

«Билим берүүнүн санариптик платформасы жана жашыл көндүмдөр!» чакырыгын турмушка ашыруу максат кылынып, мугалимдердин август кеңешмесинин катышуучулары райондогу бардык мугалимдерге карата кайрылуу кабыл алышты.

## Кожогат да киреше булагы

***Быйылкы жылда Аксы району боюнча 5 гектар жерге кожогат, 3 гектар аянтка кулпунай, 1 гектарга жакын жерге бүлдүркөн тигилген. Учурда райондо түшүм жыйноо жүрүп жатат.***

Райондогу Жаңы-Жол айылынын тургуну 4 уул, 1 кыздын ата-энеси Туратбек Тазабеков жана өмүрлүк жары Гүлшан айыл жеринде иш болбогондуктан, турмушта көп эле чайналышты. «Үй-бүлөгө көмөк» долбоорунан грант алууга долбоор жазышып, 100 миң сом алышып, 10 сотых жерге Россиядан алынып келген «Полька» сортундагы кожогат өстүрүштү. Алгачкы эле теримде 80 миң сом киреше алгандан кийин дыйканчылык кылууга кызыкчылыктары артты.

Райондо түзүлгөн кожогат боюнча «Жаңы багыт» кооперативине мүчө болуп киришти. Кооператив кожогаттын түшүмдүү сорту менен камсыз кылды. Эми түшүмүн килограммын 250 сомдон үйүнөн алып кетип жатышат. Туратбектин короосунда кожогаттан тышкары бүлдүркөн, кулпунай, гилас, карагат бышып турат. Эмгекчил адамга рахматтан башка эмне айтасың. Кут дарагы көк тиреп өсүп келе жатканына курсант.

– Өз эмгегиңден рахат алган өзгөчө. Эми пияз, сабиз, картошка, дарбыз, коон дегенди базардан сатып албай калдык, – дейт Туратбек.

Эмгек кылсаң үзүрүн көрөсүң деген ушул. Быйылкы жылда кожогат менен бүлдүркөндөн 200 миң сом киреше алынышы күтүлүүдө. Чындыгын айтканда мурда 10 сотых жерден он тыйын да пайда алышпай келишкен. Туратбектин алдыда максаты арбын, өкүнүчтүүсү – жер жок. Мындагылардын жан башына 1,5 сотыхтан үлүшкө жертийген.

Бирок жер жок деп олтура бербей, бар жерди сарамжалдуу иштетсең, берекесин берет. Буга Туратбек далил, күбө.

**Абдымомун КАЛБАЕВ,**
**Аксы району**